| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 5 - марты, № 8/5 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бюджетинин пайдаланылбай калган калдык каражатын 2026-жылдын бюджетине, анын атайын төлөм каражаттар беренесине кошуу менен жыл ичинде чыгымдоого макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 2-главасынын 27-"Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу жөнүндөгү" беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин" VI бөлүмүнүн 9-главасынын 47-беренесинин 1-пунктуна Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бюджетинин пайдаланылбай калган калдык каражаты тууралуу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошованын маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга каралган бюджетинин пайдаланылбай калган **418 993 (төрт жүз он сегиз миң тогуз жүз токсон үч)** сом жана атайын төлөм каражаттарынын **726 168 (жети жүз жыйырма алты миң бир жүз алтымыш сегиз)** сом акча каражатын төмөндөгү зарыл деп эсептелген жумуштарды аткаруу үчүн чыгымдоого макулдук берилсин:

- Айыл чарбасын каттоо иштерине – 70,0 миң сом;
- Ылай-Талаа айылындагы аламан улак чаба турган аянтчаны тегиздөөгө күйүүчү майына – 100,0 миң сом;
- Токбай-Талаа айылындагы Т.Абдыкадыров көчөсүнүн тротуарынын, Шаркыратма айылындагы Ж.Айтбаев мектебинин спортзалынын курулушунун долбоорлорунда каралган технадзорлук кызматына – 100,0 миң сом;
- Токбай-Талаа айылына кире беришиндеги арканын архитектуралык жумуштарынын карызын төлөө үчүн – 45,0 миң сом.
- Сай айылынын Ак-Талаа участкасынын тургундарына ичүүчү таза суу чыгарып берген "Стройдизайн" ишканасынын карызын төлөө үчүн – 103 993 сом.
- Ата-энелердин эсебинен мектеп, бала бакчалардын тарбиялануучуларынын тамак-ашын атайын төлөм каражаттарынын эсебинен каржылоого – 726 168 сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**